**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**
**ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**
**ФРУНЗЕНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

# ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН СЕССИЯСЫ

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 03-март №88** **Чалдовар айылы**

## Каза болгон жарандарды көмүү жана мүрзөгө коюлуучу курулмаларды орнотуу тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу

"Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-октябрындагы № 296 "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу" Жарлыгын ишке ашыруу жана каза болгон жарандарды көмүү, мүрзөгө коюлуучу курулмаларды орнотуу маселесин жөнгө салуу максатында “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” мыйзамын жетекчиликке алуу менен Фрунзе айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Каза болгон жарандарды көмүү жана мүрзөгө коюлуучу курулмаларды орнотуу тартиби жөнүндө нускама тиркемеге ылайык бекитилсин.

2.Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жана аткаруу жагы Фрунзе айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Т.Ашыкеевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Дюшалиев М.К.**